# Кредиттер
*(2015-жылдын 12 айы үчүн)*

2015-жылы коммерциялык банктар валюталык карыз алышуу боюнча пайыздык чендин төмөндөө алкагында кредит портфелин көбөйтүүнү уланткан.

**1-график. Иштеп жатышкан коммерциялык банктардын бир мезгилдин акырына кредиттик карыздарынын динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү жыл башынан тартып 19,3 пайызга көбөйүү менен 94,0 млрд сомду түзгөн. Мында, кредит портфелинин сом түрүндө бөлүгү 42,2 млрд сомдо түптөлүп, 26,5 пайызга көбөйгөн. Чет өлкө валютасында кредиттердин көлөмү жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчтөн 14,0 пайызга ашуу менен сомдук эквивалентте 51,7 млрд түзгөн.

Кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 18,89 пайызды (+1,3 пайыздык пунктту), улуттук валютада – 22,80 пайызды (+3,2 п.п.), чет өлкө валютасында – 15,69 пайызды (-0,4 п.п.) түзгөн.

Ошону менен бирге эле кароого алынып жаткан мезгил ичинде банк тутумунун кредит портфелинин сапаттуу мүнөздөмөлөрүнүн бир аз начарлашы байкалган. Алсак, мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген карыздын үлүшү кредит портфелинин жалпы көлөмүндө 2,5 пайызды түзгөн, ал эми сандык мааниде мындай кредиттердин көлөмү жыл башынан тартып 6,7 пайызга жогорулаган. Мында, кредит портфелинин жалпы көлөмүндө пролонгацияланган кредиттердин салыштырма салмагы 1,8 пайыздык пунктка, 5,4 пайызга чейин жогорулаган.

Көпчүлүк банктардын портфели өз кезегинде айрым тармактарда жогорку концентрациялануу бойдон калган. Алсак, тармактарда банктардын кредит портфелинин концентрацияланышын көрсөтүүчү индекс 0,32 түзгөн, бул айрыкча үч тармак ортосунда көпчүлүк банктардын кредиттеринин бөлүштүрүлүшүн көрсөтөт.

Кредиттөө рыногунун жалпы концентрациялануу көрсөткүчү 0,09 түзгөн, ал эми бул 12 банк ортосунда рынокту бөлүштүрүүгө барабар.

Жыл башынан тартып банктардын кредит портфелинин убакыт түзүмүндө узак мөөнөттүү сыяктуу эле, кыска мөөнөттүү кредиттердин көлөмүнүн көбөйүшү белгиленген. Бирок кыска мөөнөттүү (бир жылга чейинки)  кредиттердин салыштырма салмагы 15,5 пайыздан 20,5 пайызга чейин өскөн болсо, узак мөөнөттүү кредиттердин - 82,3 пайыздан 77,6 пайызга чейин төмөндөгөн. Кредит портфелинин мындай түзүмдүк бөлүштүрүлүшү өз кезегинде дюрация көрсөткүчүнүн 30,6 айдан 28,3 айга чейин төмөндөшүнө алып келген.

2015-жылы жаңыдан берилген кредиттердин жалпы көлөмү 78,4 млрд сомду түзгөн, бул 2014-жылдын тиешелүү мезгилинде берилген суммадан 1,4 пайызга жогору эле. Улуттук валютада берилген кредиттер 11,6 пайызга көбөйгөн, ал эми чет өлкө валютасында 11,6 пайызга төмөндөгөн.

**2-график. Коммерциялык банктар тарабынан бир мезгил ичинде берилген кредиттердин динамикасы**




2015-жыл үчүн улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2014-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 23,73 пайызды түзүү менен 3,95 пайыздык пунктка өскөн, чет өлкө валютасында - 0,74 пайыздык пунктка, 14,24 пайызга чейин төмөндөгөн.

**3-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**



**4-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде тармактар боюнча жаңыдан берилген кредиттердин пайыздык чендеринин өзгөрүүсү жогорулоо жагына байкалган, ал эми чет өлкө валютасында чендер негизинен төмөндөөнү көрсөткөн. Улуттук валютадагы кредиттер боюнча чендердин жогорулашы бардык тармактар белгиленген. Мында, эң төмөн чен боюнча улуттук валютада кредиттер өнөр жайга (мезгил ичинде орточо алганда 16,42 пайыз), эң жогорку чен боюнча байланышка (34,00 пайыз) берилген.

Чет өлкө валютасында чендер өнөр жай тармагынан тышкары, бардык тармактарда төмөндөгөн. Чет өлкө валютасында эң жогорку чен боюнча кредиттер керектөө кредиттерине (мезгил ичинде орточо алганда 18,85 пайыз), ал эми эң төмөнкү чен боюнча кредиттер байланышка (мезгил ичинде орточо алганда 13,52 пайыз) берилген.